2022-жылдын 1-сентябрындагы

Пед.кеңешменин №1 протоколу менен

кабыл алынды

мектеп директору: Чортонова Н.Т

К.Маликов атындагы жалпы билим берүү орто мектеби

"Педагогикалык кеңеш жөнүндө"

Жобо

Бул жобо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 12-сентябрындагы №541"Жалпы билим берүү уюму жөнүндө типтүү жобонун" Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамынын, мектептин Уставынын негизинде иштелип чыгып К.Маликов атындагы орто мектебинин педагогикалык кенешинин иш алып баруу тартиптерин жөнгө салат.

1.Жалпы жоболор

**1.1** К.Маликов атындагы орто мектебинин педагогикалык кеңеши (мындан ары кеңеш) мектептин педагогдорунан жана кызматкерлеринен турган коллегиалду кеңешме орган.

**1.2** Кеңеш өзүн –өзү башкаруу билим берүү мекеменин дайыма иштеп турган, билим берүү процессинде негизги келип чыккан маселелерди чечүүчү орган.

**1.3.**Педагогикалык кенеш билим берүү,тарбия жана социалдык процесстерди башкаруу,билим берүүнүн мазмунун өнүктүрүү,билим берүү программаларын ишке ашыруу,окутуунун сапатын жогорулатуу,мектептин методикалык иштерин өркүндөтүү,педагогикалык курамдын квалификациясын жогорулатууга таасир тийгизүү максаттарында түзүлгөн.

**1.4.**Педагогикалык кеңеш өз ишмердүүлүгүн жүргүзүүдө Кыргыз Респубикасынын Конституциясын,Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн "Жалпы билим берүү уюму жөнүндө типтүү жобону" БУУнун "Балдардын укугун коргоо конвенциясын" ,Кыргыз Республикасынын башка нормативдик укуктук актыларын, мектептин Уставынын ошондой эле ушул жобону жетекчиликке алат.

**1.5.**Педагогикалык кенештин чечимдери мектеп директорунун буйруктары менен бекитилет жана бардык билим берүү процессинин катышуучулары үчүн тийешелүү болуп саналат.

**1.6.**Педагогикалык кеңештин курамына кирет: мектеп директору, анын орун басарлары, педагогдор, анын ичинде соцпедагог, китепканачы.Жумушка алынган күндөн баштап ар бир мугалим педагогикалык кеңештин мүчөсү болуп эсептелет.

## 2.Педагогикалык кеңештин ишмердүүлүгүнүн негизги макcаты жана багыттары

**2.1.**Мамлекеттин билим берүү боюнча саясатын ишке ашыруу.Билим берүү стандартын аткаруу.Билим берүү процессинде билим сапатын жогорулатуу.

**2.2.** Мектептин педагогикалык коллективинин ишмердүүлүгүн билим берүү процессинин өнүктүрүүгө багыттоо

**2.3.**Алдыңкы педагогдордун тажрыйбасын жана педагогикалык илимдин жетишкендиктерин кабыл алуу жана педагогдордун арасында жайылтуу.

**2.4.**Мектептин тажрыйбалуу педагогдорунун окуутуда актуалдуу маселер боюнча жетишкендиктерин жайылтуу

## 3.Педагогикалык кеңештин функциялары

**3.1.** Билим берүү мекеменин иш пландарын талкуулап бекитет

**3.2.**Билим берүү мекеменин локалдык актыларын талкуулап бекитет

**3.3.**Мекемени окуу жылына карата өнүктүрүү боюнча программасын жана билим берүү программасын талкуулап бекитет.

**3.4.**Башталгыч билим берүү,негизги билим берүү жана жалпы орто билим берүү программаларын талкуулап бекитет.

**3.5.**Мектептин усулдук бирикмесинин,Усулдук бирикмелердин,соцпедагогдун,китепканачынын аткарган иштери боюнча маалыматын угат.

**3.6.** өсүп келе жаткан жаш муундарды билим берүү жана тарбиялоодо мектеп менен кызматташкан мекемелер жана уюмдардын өкүлдөрүнүн докладдарын угат,анын ичинде мекеменин санитардык -гигиеналык режимди сакталышы, окуучулардын ден соолугунун өмүрүнүн коопсуздугунун сакталышы жана эмгекти коргоо нормаларды ошондой эле окуутуда мекеменин башка ишмердүүлүгү боюнча

**3.7.**окуу жылдын жыйынтыгы боюнча аралыктагы аттестацияны өткөрүү окуучуларды мамлекеттик жыйынтыктоо аттестациясына киргизүү,окуучуларды класстан класска көчүрүү же ордуна калтыруу , ден соолугуна байланыштуу мүмкүнчүлүгү чектелген медициналык көрсөтмөлөрү бар окуучуларга мамлекеттик аттестацияны өткөрүүдө “аяр мамиле кылуу” менен шарт түзүп берүү боюнча чечимдерди кабыл алат

**3.8.** алган билими боюнча документтердин берилиши жонүндө, окуучуларды окуудагы жетишкендиктери үчүн грамота, мактоо баракчалары медалдар менен сыйлоо боюнча чечимдерди кабыл алат

**3.9.**педагогикалык жана башка тартипке чакыруу чараларга баш ийбеген окуучуларга Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамына ылайык белгиленген тартипте юридикалык жоопкерчиликке тартуу боюнча чечим кабыл алат

**3.10.** билим берүү мекеме боюнча мугалимдерди кызыктырган суроолорду кароо жана талкулоого алып чыгат.

**3.11.**Мекеменин окуу тарбия иштеринин уюштурулушу боюнча администрациянын маалыматын ,окуу жылынын жыйынтыгы боюнча маалыматты угат.

**3.12.**Мугалимдерди грамота менен сыйлоого жана ведомстволук сыйлыктарга мектеп директору сунуштаган кандидатураларын карап чечим чыгарат

**3.13.**Кабыл алынган чечимдердин аткарылышын көзөмөлдөйт

## 4.Педагогикалык кеңештин укугу жана жоопкерчилиги

**4.1.Педагогикалык кеңеш укуту**

*Ар кандай профилдеги адистерди чакыруу убактылуу чеберчилик бирикмелерди түзүү үчүн жана алар иштеп сунуштамаларды пед кенешмеде карап чыгууга.

*Педагогикалык кенештин компетенциясына кирген талаш тартыш суроолор боюнча чечим чыгарууга

* Педагогикалык кеңешменин компетенциясына жараша локалдык актылар жоболорду кабыл алуу.

*Педагогикалык кеңешмеге окуту маселелери боюнча кызматташкан ар кандай коомчулук уюмдардын,мекемелердин окулдору, мекемени финансылык жактан каржылаган уюмдардын окүлдору, окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу окүлдөрү), керек болгон учурда кеңешке чакырылат. Аларды чакыруу же чакырбоо кенештин төрагасы тарабынан кабыл алынат.Кенештин отурумуна чакырылган адамдар добуш берүүгө укукту.

**4.2.Педагогикалык кеңеш жоопкерчиликтүү**

*Иш пландын аткарылышына

*Кабыл алынган чечимдер Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жонүндө" мыйзамы

"Балдарын укугун коргоо конвенциясына дал келишине

*Билим берүү программалардын бекитилишине

*Педагогикалык коллективдин мүчөлөрүнүн ишмердүүлүгүнун обьективдүү

көрсөткүчтөрү үчүн

*Ар бир каралган маселе боюнча чыгарылган чечимге, аткарылуучу мөөнөтү жана аткарууга жоопкерчиликтүү адам үчүн.

**5.Педагогикалык кеңештин курамы**

**5.1.**Педагогикалык кеңеш педагогикалык коллективдин арасынан кеңештин катчысын ачык добуш менен шайлайт.Ага эмгек акы төлөнбөйт,коомдук иш катары эсептелет.

**5.2.**Педагогикалык кеңештин төрагасы болуп мектептин директору саналат жана анын ишине жетекчилик кылат.

**5.3.**Мектептин мугалимдердин бардыгы тең эгер алардын саны 50 адамдан ашпаса Кеңештин мүчөлөрү болуп саналат.Эгерде 50 адамдан ашса алардын 75% дан кем эмес бөлүгү кеңешти курамына кирүүгө тийиш.

**5.4.**Педагогикалык кенештин саны жана курамы жыл сайын окуу жылынын башында директордун буйругу менен бекитилет.

**5.5.**Педагогикалык кеңеш мектептин планынын негизинде иш алып барат.

**6.Педагогикалык кеңештин ишмердүүлүгүн уюштуруу**

**6.1.**Педагогикалык кеңештин иш планы окуу жылына карата түзүлүп кеңештин отурумунда кароодон өтүп директор тарабынан бекитилет.

**6.2.**Педагогикалык кеңештин отурумдары бир чейректе бир жолу болот.

**6.3.** Жалпы педагогикалык кеңештин отурумдарынан тышкары кезексиз өткөрүлгөн кичи педагогикалык отурумдар болушу мүмкүн тиешелүү маселени тиешелүү мугалимдер менен карап чечүүгө.

**6.4.**Кенештин отурумдары конкреттүү датасы жана убактысы менен бекитилет.

**6.5.**Педагогикалык кеңештин чечимдери кеңештин курамындагылардын тизмесиндеги адамдардын 50% дан кем эмес катышкан учурда күчүнө ээ болот жана ал директор тарабынан бекитилгенден кийин жалпы мугалимдер аткарууга милдеттүү.

**6.6.**Педагогикалык кеңештин чечимдеринин аткарылышын мектеп директору көзөмөлдөйт жана бекитилген жоопкерчиликтүү адамдар аткарылышын камсыздайт,анын натыйжаларын кеңештин кийинки отурумдарында маалымдайт.

**6.7.**Мектептин директору педагогикалык кеңештин чечими менен макул болбосо ал чечимдин аткарылышын токтотуп негиздөөчүсүнө кайрылып билдирет.Негиздөөчүсү кызыктар болгон тараптар менен келип чыккан маселени карап чыгып педагогикалык кеңештин көпчүлүк мүчөлөрүнүн жүйөөлүү пикирлери боюнча талаш тартыш маселе боюнча акыркы чечимди кабыл алат.

**7.Педагогикалык кеңештин документациясы**

**7.1.**Педагогикалык кеңештин отурумдарынын протоколдору атайын китепке жазылат.Протоколдордо отурумда каралган маселелер боюнча педагогикалык кеңештин

мүчөлөрү айткан пикирлер,сунуштар, эскертүүлөр жазылат.Протоколко кеңештин төрагасы жана катчысы кол коёт.

**7.2.**Протоколдун номурлары окуу жылдын башынан башталат.

**7.3.**Педагогикалык кеңештин протокол жазуу китеби билим берүү уюмунун номенклатурасына кирет жана сакталаып акты боюнча өткөрүлөт.

**7.4.**Педагогикалык кеңештин протоколдор китебинин беттери номурланат.боолонот мекеменин директорунун колу коюлуп мөөр менен бекитилет.